*Сабырова К.Ж.*

# АВТОТРАНСПОРТ КАРАЖАТТАРЫНЫН КООПСУЗДУК ТУТУМУН УТУРУМДУК КӨЗӨМӨЛДӨӨНҮ КАМСЫЗ КЫЛУУ КӨЙГӨЙЛӨРҮ

*Сабырова К.Ж.*

# ПРОБЛЕМЫ ОБЕСПЕЧЕНИЯ БЕЗОПАСНОСТИ СИСТЕМ ТЕКУЩЕГО КОНТРОЛЯ АВТОТРАНСПОРТНЫХ СРЕДСТВ

*K.Zh. Sabyrova*

# THE PROBLEM OF ENSURING THE SECURITY OF THE CURRENT CONTROL VEHICLES

*УДК: 347.463:656.1](575.2)*

*Бул макалада автотранспорттук каражаттардын коопсуздук деңгээлдерин жогорулатууга өбөлгө түзүүчү уюштуруучулук жана техникалык чаралар каралган. Жана транспорттук каражаттардын коопсуздугун жогорулатуунун негизги багыттарын иштеп чыгуу жөнүндө маселени коюуда.*

***Негизги сөздөр:** автотранспорттук каражаттардын коопсуздугу, жол кыймылын коопсуздугу, техникалык кароо*

*В данной статье рассматриваются организационные и технические меры повышения безопасности транспортных средств. Также рассматриваются основные пути повышения безопасности транспортных средств и возможные пути их реализации.*

***Ключевые слова:** безопасность транспортных средств; безопасность дорожного движения; технический осмотр.*

*This article discusses the organizational and technical measures to increase the safety of vehicles. It also discusses the main ways to improve the safety of vehicles and possible ways of their implementation.*

***Key words:** vehicle safety; road safety; technical inspection.*

Бүгүн ар түрдүү транспорт каражаттарынын коопсуздук көйгөйү өз өзүнчө аймактардын жана жалпы бүтүндөй өлкөнүн транспорттук тутумун түзүүчү, коопсуздук көз карашынан алганда, кыйла аз камсыз кылынган жагдай катары долбоорлоонун, жасоонун жана пайдалануунун эң маанилүү өңүтү катары карала баштады. Бул бир жагынан көрсөтүлгөн объекттердин түзүмүнүн татаалдыгы менен, ал эми экинчи жагынан, алар бузулган учурда транспорттук каражаттардын жүргүнчүлөрүнүн жана экипажынын өлүмүн, ошондой эле ташылып бараткан коркунучтуу жүктөрдүн бүлүнүшүнө байланыштуу кыйраткыч кесепеттерди кошуп алганда, мүмкүн болуучу зыяндын масштабдары менен шартталган.

Транспорттук каражаттардын ылдамдыктарын мындан ары жогорулатуу, алардын санын кескин көбөйтүү, кыймылдын жаңы принциптерин ишке ашыруу, транспорттук каражаттардын энергетикалык жабдууларын жана ташууну камсыз кылуу каражаттарын өркүндөтүү жана ведомстволук позициядан транспорттук каражаттардын коопсуздук көйгөйлөрүн чечүүнүн мүмкүн эместиги күн тартибине заманбап транспорттук каражаттардын коопсуздугун жогорулатуунун негизги багыттарын иштеп чыгуу жөнүндө маселени коюуда.

Транспорттогу авариялуулук ишинин талаптагыдай эмес абалы эксплуатациядагы транспорттук каражаттардын коопсуздугун камсыз кылууга карата жаңы ыкмаларды издеп табууну өктөм талап кылууда. Бул ыкмалардын ар түрдүү өңүттөрүн изилдөөгө Ф.М. Кацман, В.В. Кобзев, Е.А. Куклев, Ю.А. Лукомский, В.А. Гудков, Ю.Я. Комаров, А.И. Рябчинский [1], Федотов В.Н [2], Морозова В.С., Поляцко В.Л. [3] өңдүү ж.б. россиялык алдыңкы адистердин эмгектери арналган.

Транспорттук каражаттардын коопсуздук деңгээлдерин жогорулатууга өбөлгө түзүүчү уюштуруучулук жана техникалык чаралар катары төмөнкүлөрдү кароого болот: андан ары иш жүзүндөгү эксплуатациялык кырдаалдарды тренажердо иштеп чыгуу менен, квалификацияны жогорулатуу боюнча үзгүлтүксүз өтүлүүчү сабактарды кошуп алганда, аларды окутуунун тутумун өркүндөтүү аркылуу транспорттук каражаттарды башкарууну жана тейлөөнү жүзөгө ашыруучу адамдардын кесиптик деңгээлдерин жогорулатуу; 10 жылдан эски транспорт каражаттарына карата авариялык коркунучтуу транспорт каражаттарын эксплуатациядан алып салуу максатында, конструкцияларынын зарыл болгон бышыктык көрсөткүчтөрүн жана жабдууларынын жана тутумдарынын эксплуатациялык ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга, анын ичинде аларды талаптагыдай техникалык абалда кармап туруунун жогорку наркынын себеби боюнча техникалык каражаттарга карата техникалык талаптарды жогорулатуу; транспорттук уюмдарга таандык болгон транспорттук каражаттардын башкаруу жана техникалык жактан тейлөө ыкмаларын жакшыртуу боюнча зарыл болгон уюштуруучулук жана техникалык иш чараларды жүргүзүү үчүн багытталган транспорттук компаниялардын коопсуздугун башкаруу тутумдарын түзүү, киргизүү жана өркүндөтүү.

Бирок транспорттук каражаттардын коопсуздук деңгээлдерин жогорулатуу үчүн жогоруда саналган эле чаралар жетишсиз. Заманбап шарттарда транспорттук каражаттардын коопсуздук көйгөйүн сапаттык жаңы ведомстволор арылык негизде кароонун

зарылдыгы келип чыгууда, анткени тиешелүү методологиялык камсыз кылууну түзбөй туруп, аны натыйжалуу чечүү мүмкүн эмес. Транспорттук каражаттардын коопсуздугун камсыз кылуунун теориясын жана усулдарын калыптандырууда, адамдардын жана жүктөрдүн коопсуздугунун кызыкчылыктарында илимий изилдөөлөрдүн жана практикалык керектөөлөрдүн натыйжаларын биргеликте кароону өзүнө камтыган компрекстүү ыкманы пайдалануу зарыл.

*Транспорттук каражаттын коопсуздугу* – транспорттук каражаттын жарандардын өмүрүнө же ден соолугуна, жеке жана юридикалык жактардын мүлкүнө, мамлекеттик же муниципалдык мүлккө, айлана чөйрөгө зыян келтирүү тобокелдигинин жол берилгистигин же минималдаштырууну камсыз кылуучу конструкциялык көрсөткүчтөрүнүн жана техникалык абалынын жыйындысы менен мүнөздөлүүчү абалы [4].

Эсиңиздерге сала кеткибиз келет, «Жерде жүрүүчү транспорт каражаттарынын коопсуздугу боюнча Кыргыз Республикасынын жалпы техникалык регламенти» КР 2009-жылдын 29-майындагы №178 Мыйзамынын 3-беренесине ылайык, жерде жүрүүчү транспорт каражаттарынын коопсуздугуна карата жалпы талаптар төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт [5]:

- жерде жүрүүчү транспорт каражатынын дөңгөлөк жана шина конструкциялары, токтотуу тутуму, ошондой эле башкаруу тутуму, жолдун жана анын катмарынын абалынын эсептик параметрлеринде кыймылдын эсептик ылдамдыгында аны пайдаланууда жерде жүрүүчү транспорт каражатынын токтошун же жүрүү ылдамдыгынын азайышын, ушундай белгиге чейин жана жүрүүнүн мындай өзгөрүшү кайсы бир башка объект менен кагылыш мүмкүндүгү чектетилген, ал эми кагылыш болсо техникалык регламентге белгиленген коопсуздуктун минималдуу деңгээли камсыз кылынат;

- жерде жүрүүчү ушул транспорт каражатындагы эксплуатациялык персоналдын кабинасынын жана салондун же жүргүнчүлөр үчүн отсектин, отургучтардын жана коопсуздук курунун конструкциясы, эшиктердин конструкциясы, саны жана жайгашкан орду, авариялык куткаруучу каражаттар жана жабдуулар, балдарды жана кооптуу жүктү ташуу үчүн атайын жабдуу, коргонуу жана өмүрдү сактоо каражаттары, ошондой эле анда колдонуу үчүн каралган авариялык жол-жоболор, анын башка бир объекти менен кагылышкан учурда, авария же авариялык кырдаалда техникалык регламентте белгиленген коопсуздуктун минималдуу деңгээлин, ошондой эле авария болгондо тез арада анын ичинен адамдарды коопсуз эвакуациялоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат;

- жерде жүрүүчү транспорт каражатынын өрткө каршы тутуму техникалык регламенттерде белгиленген тез аранын ичинде анда пайда болгон өрттү өчүрүүнү камсыз кылат;

- жерде жүрүүчү транспорт каражатындагы эксплуатациялык персоналдын кабинасынын конструкциясы баардык багыттар боюнча сырткы мейкиндиктин жетиштүү көрүнүшүн камсыз кылат;

- жерде жүрүүчү транспорт каражатынын электрдик, күйүүчү, гидравликалык, пневматикалык, газдык же ар түрдүү башка системалары талкаланганда же бузулганда анын коопсуздугу сакталат;

- жерде жүрүүчү транспорт каражаттарынын кыймылдаткычынан чыккан добуштун деңгээли жана кыймылдаткычы чыгарган зыяндуу заттардын курамы, жерде жүрүүчү транспорт каражаттарын жана алардын компоненттерин даярдоодо пайдаланылган материалдардын экологиялык параметрлери техникалык регламенттердин талаптарында белгиленген чектерде болот;

- жерде жүрүүчү транспорт каражаты тиешелүү тутумдар же жабдуу тыштан чыккан электр-магниттик ар түрдүү сигналдын терс таасиринен аларды коргоо, ошондой эле андан чыккан электр-магниттик ар түрдүү сигналдын жерде жүрүүчү транспорт каражатынын же өзүнүн иштеши үчүн электр-магниттик сигналды пайдалануучу башка ар түрдүү объектинин иштешине терс таасирин чектетүү үчүн конструкцияланат же жабдылат;

- жерде жүрүүчү транспорт каражаттарынын маалыматты кайра өндүрүүчүнү контролдоочу же чагылдыруучу тутуму сырткы энергия же сигналдын мүмкүн болуучу таасиринин натыйжасында алардын нормалдуу иштешинин бузулушунан же баш тартуусунан корголгон;

- жерде жүрүүчү транспорт каражатынын өмүр сактоочу тутуму эксплуатациялык персоналдын кабинасында жана салонунда же жүргүнчүлөр үчүн отсекте абанын эксплуатациялык персоналдын жана жүргүнчүлөрдүн нормалдуу физиологиялык абалын сактоочу параметрлерин камсыз кылат, мында жерде жүрүүчү ушул транспорт каражатын коопсуз эксплуатациялоо жана анда болууну камсыз кылат;

- жерде жүрүүчү транспорт каражаты техникалык регламентте белгиленген коопсуздуктун минималдуу деңгээлин камсыз кылуучу жарыктандыруу жана угулуучу жана көрүнүүчү сигнализациянын бардык каражаттары менен жабдылган;

- жерде жүрүүчү транспорт каражаты санкцияланбаган пайдаланууга каршы орнотмо, система жана/же каражат менен жабдылган;

- жерде жүрүүчү транспорт каражатынын көлөмү аны эксплуатациялоодо жол коопсуздугуна коркунуч туудурбайт;

- жерде жүрүүчү транспорт каражатынын сырткы көрүнүшү, көлөмү, башкаруу каражаттарынын жана маалымат чагылдыруу каражатынын жайгашкан орду жана конструкциясы маалымат чагылдыруу каражаттарынын көрсөткүчтөрүнүн туура окулушун камсыз кылат жана жерде жүрүүчү транспорт каражатын эксплуатациялоодо коопсуздукка коркунучтун келип чыгышы мүмкүн болуучу эксплуатациялык персоналды башкаруудан алаксытуу мүмкүнчүлүгүн чектетет;

- жерде жүрүүчү транспорт каражатынын конструкциясында колдонулуучу материалдар күйгөн же башка заттардын же буюмдардын аларга болгон механикалык же химиялык таасиринде айлана-чөйрөнүн коопсуздугуна жана жерде жүрүүчү ушул транспорт каражатындагы адамдардын өмүрүнө же ден соолугуна коркунучун келтирбейт.

Кыргыз Республикасынын аймагында техникалык кароону жүргүзүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 3-майындагы №239 токтому менен бекителген транспорт каражаттарын техникалык кароодон өткөрүү тартиби жөнүндө Жободо белгиленген [6]. Техникалык кароонун негизги милдети транспорттук каражаттардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында, транспорттук каражаттардын конструкцияларынын техникалык регламенттерде белгиленген талаптарга ылайыктуулугуна көзөмөл жүргүзүүнүн жүзөгө ашыруу болуп саналат.

«Жерде жүрүүчү транспорт каражаттарынын коопсуздугу боюнча Кыргыз Республикасынын жалпы техникалык регламенти» КР 2009-жылдын 29-майындагы №178 Мыйзамынын 10-беренесине ылайык төмөнкү жерде жүрүүчү транспорттук каражаттар техникалык кароодон өткөрүлүүгө жатат:

1) ташуу боюнча ишкердик иште пайдаланылуучулар:

- жүргүнчүлөрдү, анын ичинде жеңил автомашиналар (таксилер);
- жүктөрдү;
- коркунучтуу жүктөрдү.

2) атайын жана адистештирилген транспорт каражаттары (медициналык тез жардам автомобилдери, өрт өчүрүүчү автомобилдер, автокрандар, жыгач ташуучу автомобилдер, өзү төгүүчү автомобилдер, цемент ташуучу автомобилдер, автоэвакуаторлор, узун жүктөрдү ташуу үчүн транспорт каражаттары, айыл чарбалык жана токой чарбалык тракторлор, өзү жүрүүчү атайын технологиялык машиналар (ӨТМ) жана түшкөн акчаны жана баалуу жүктөрдү ташуу үчүн транспорт каражаттары[1].

Ишкердик иште пайдаланылуучу жерде жүрүүчү транспорт каражаттарын техникалык кароодон өткөрүүнүн мезгилдүүлүгү:

- жүргүнчүлөрдү жана коркунучтуу жүктөрдү ташуучулар – жылына эки жолу;
- жүргүнчүлөрдү ташуу боюнча кызмат көрсөткөн жеңил автомашиналар (таксилер), жүк-жүргүнчү ташуучулар, жүк ташуучулар, айыл чарбалык жана токой чарбалык тракторлор, өзү жүрүүчү атайын технологиялык машиналар (ӨТМ), атайын жана адистештирилген транспорт каражаттары, чыгарылган жылына жараша:

3 жылга чейин – техникалык кароого жатпайт;
3 жылдан 7 жылга чейин – 2 жылда бир жолу;
7 жылдан жогору – жыл сайын.

АТС техникалык абалына карата ченемдик укуктук актыларда АТС коопсуздугуна карата милдеттүү талаптардан тышкары, эксплуатациялоонун үнөмдүүлүгүнөн жана ыңгайлуулугунан улам дагы милдеттүү эмес талаптар коюлат. Аларды АТС даярдоочусу төмөнкү эксплуатациялык жана оңдоочу документтерде:технологияларда, колдонмолордо жана ТТ жана оңдоо боюнча нускамаларда көрсөтөт. Техникалык тейлөө кызматтары жана автогсервистер өз жумуштарында бул алдын ала эскертмелерди кармануулары тийиш.

АТС эксплуатациялоонун коопсуздугуна карата талаптардын мындай өз ара ылайыкташылбаган мынчалык ири түзүмү башка автомобилдешкен өлкөлөрдө жок. Пайдалануучуларга бир документ менен, текшерүүлөрдү аткаруунун талаптарын жана усулдарын карама-каршылыксыз жөнгө слуучу бирдиктүү түзүмдө иштөө ыңгайлуураак болмок. Анда сактабагандыгы үчүн АЖжК кыйла катуу санкциялар [7] белгиленген өзгөчө маанилүү талаптарды бөлүп көрсөтүү максатка ылайыктуу болмок.

Азыркы убакта техникалык кароонун мамлекеттик тутуму транспорттук каражаттардын коопсуздугуна карата эл аралык талаптарга жооп бербейт жана «Жерде жүрүүчү транспорт каражаттарынын коопсуздугу боюнча Кыргыз Республикасынын жалпы техникалык регламенти» Кыргыз Республикассынын Мыйзамына ылайык андан ары реформалоону талап кылат.

АТС коопсуздугуна карата ченемдик талаптар – бул автомобилдик парктын коопсуздугун мамлекеттик жөнгө салууга түздөн-түз таасир этүүчү укуктук инструмент экенин эске алуу менен, аларды андан ары өркүндөтүү зарыл.

Бир нече багыттарда жүргүзүлүшү зарыл болгон автомобилдик жолдор боюнча илимий изилдөөлөр: бул илимий-техникалык иштеп чыгууларга баа берүү жана андан ары өнүктүрүү, иштелип чыгылышы жана заманбап шарттарга адаптациялануусу [8] тийиш болгон тармактын укуктук жана ченемдик-техникалык базасын өркөндөтүү.

Мындай өркүндөтүү, барыдан мурда, «Дөңгөлөктүү транспорт каражаттарынын коопсуздугу жөнүндө» Бажы бирлигинин техникалык регламенттин кабыл алууда максатка ылайыктуу, анда транспорттук каражаттарга карата коюлуучу эксплуатациялык талаптардын бүтүндөй ченемдик базасы бириктирилет.

**Адабияттар**:


1. Рябчинский А.И., Трофименко Ю.В., Шелмаков С.В., Экологическая безопасность автомобиля. Окуу куралы. М., 2000-ж.
2. Безопасность транспортных средств (автомобили) /Гудков В.А., Комаров Ю.Я, Рябчинский А.И., Федотов В.Н. Жождор үчүн окуу куралы. –М.: Горячая линия–Телеком, 2010
3. Морозова В.С., Поляцко В.Л. Экологическая безопасность транспортных средств. Челябинск. 2011.


[1] *Биздин пикирибиз боюнча бул тизмеге ошондой эле камалгандарды ташуучу автомобилдерди дагы кошуу зарыл, болбосо атайын ташуудардын бул категориясы коом үчүн аз эмес коркунучтарды келтирет.*

4. "Чанда учуроочу унаа каражаттарынын жана конструкциясына өзгөртүүлөр киргизилген автоунаа каражаттарынын коопсуздугу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Техникалык регламенти" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартындагы № 139 токтому менен бекитилген.
5. 2009-жылдын 29-майы N 178 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жерде жүрүүчү транспорт каражаттарынын коопсуздугу боюнча Кыргыз Республикасынын Техникалык регламенти. КР 2012-жылдын 18-майындагы N 61 Мыйзамынын редакциясына ылайык
6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 3-майындагы N 239 токтому менен бекитилген транспорт каражаттарын техникалык кароодон өткөрүү тартиби жөнүндө Жобо.
7. АЖжК 225-беренесине ылайык мамлекеттик кароодон өтпөгөн транспорттук каражаттарын башкаруу айдоочуларга үч эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүндө административдик айып салууга алып келет. (КР Мыйзамдарынын 2007-жылдын 5-мартындагы N 32, 2008-жылдын 4-августундагы N 185 редакцияларында).
8. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-октябрындагы N 677 токтому менен бекитилген 2012-2015-жылдарда Кыргыз Республикасынын автомобиль транспортун өнүктүрүүнүн Стратегиясы

**Рецензент: д.ю.н., профессор Шаршеналиев А.Ш.**